# Кыргыз тили 11-класс

**Мугалим :**Аширова Т.Т. **группа** №13  26- март 2024-жыл

**Сабактын темасы:** *фразеологизмдер*

**Сабактын тиби:** жаңы материалды өздөштүрүү

**Сабактын формасы:** аралаш сабак

**Сабактын ыкмалары:** интерактивдүү, топтордо иштөө, кластер түзүү. Венндин диаграммасы менен иштөө, сүрөттү чечмелеп берүү.

**Сактын жабдылышы:** сүрөттөр, баракчалар, фразеологиялик сөздүк, маркерлер, скотч ж.б.

| **Негизги компетенттүүлүк** | **Предметтик компетенттүүлүк** |
|---|---|
| *НК-I.* Маалыматтык компетенттүүлүк | ПК-1. Тил таануучулук |
| Маалыматтын жетишсиздигин же түшүнбөстүгүн көрсөтүү менен суроолорду берет; | Тилдик бирдиктерди, алардын функцияларын түшүнөт, |
| НК-2. Социалдык-коммуникативдик | ПК-2. Кептик |
| Өз позициясын түшүндүрүү менен аргументтерди келтирет; | Коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин пайдалана алат; |
| НК-3. Өзүн-өзү уюштуруу, көйгөйлөрдү чечүү | ПК-3. Маданият таануучулук |
| Өз ишинин күчтүү жана чабал жактарын көрсөтөт. | Элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет; |

| **Максаттары** | **Көрсөткүчтөр** |
|---|---|


| | |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** фразеологизм боюнча жаңы маалыматка ээ болот, фразеологизмдердин өзгөчөлүгүн аныктайт, сүйлөмдөгү ордун табат, эркин сөз айкашынан айырмачылыгын далилдейт. | Эгерде окуучулар фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк алышса, анын маанисин түшүнүп, сөздөрдөн, сөз айкашынан, макал-ылакаптардан айырмалай алса |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** компенттүүлүк жөнүндө маалыматка ээ болот, фразеологизмдердин синтаксистик кызматын үйрөнөт, макал-лакаптардан айырмасын табат. | Окуучулар фразеологизмдерди өз кебинде колдоно алса |
| **Тарбиялык:** фразеологизмдерди колдонуунун зрылдыгын, анын жөнөкөй сөз айкаштарына караганда берген маанисин аныктайт, кебинде туура пайдаланууну үйрөнөт. | Окуучулар топто иштегенди билишсе, биринин оюн. экинчиси угуп, бир жыйынтык чыгара алышса. |
| | |



| **№** | **Сабактын этабы** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучунун ишмердүүлүгү** | **Компеттентүүлүгү** | | **Баалоо** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК | |
| 1 | Уюштуруу процесси (2-3 мүнөт) | Саламдашуу. Жоктоо. жагымдуу маанай түзүү Логикалык суроо. Мээге чабуул. Эмне үчүн ааламдашуу процесси жүрүп жатат? | Саламдашат. Топтор бири-бирине жагымдуу мамилесин билдирет. Суроого ар кимиси өз билгениндей жооп берет. Сабакка активдуу катыша баштайт. | НК-2 | ПК-3 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Үй тапшырманы суроо. (10 мүнөт) | Суроолор берилет.<br>1. Лексика деген эмне?<br>2. Сөздөрдун түрлөрүн  атап бергиле жана кластер түзгүлө<br>3. Сөздөрдүн жасалуу жолун аныктагыла<br>4. Тарыхий сөз менен архаизм сөздөрдүн кандай айырмасы бар? (Венндин диаграммасын колдонгула) | Окуучулар топтордо иштейт мисалдар менен далилдеп өз ойлорун айтышат, презентация жасашат.<br><br>Кластер, Венндин диаграммасын колдонушат. | НК-1<br><br>НК-2 | ПК-1<br><br>ПК-2<br><br>ПК-3 | Упай берүү<br><br>Азаматсыңар !<br> |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Жаңы тема (20 мүнөт) | Сабактын жүрүшү:<br>Уюштуруу мезгилинде доскага бир нече сөз жазылат. Мисалы: "аракет", "билим", "келечек", "бакыт".<br>Окуучулар алардын ортосундагы байланышты табышат. Мисалы, аракет кылса, адам бактылуу болот; келечекке кам көрсөк, биз бактылуу адамбыз ж.б. Буларга таянып, күндүн девизи тандалат "Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү".<br>Андан соң, мугалим бир нече суроолорго жооп алат:<br>1. Куурай башын сындырбай, жүрө берсек, не болот?<br>2. Көчө таптап, сайрандап, ойноп жүрсөк не болот?<br><br>Жооптор айтылганда аларга туура келген фразеологизмдерди доскага илебиз. Мисалы: бармагын тиштөө, сызга олтуруу, башы жерге кирүү, жети өмүрү жерге кирүү ж.б.<br>✓ Доскага илинген сөздөр кандай сөз экени суралат да, фразеологизм боюнча суроолорго жооп алынат. Мисалы, Фразеологизм канча сөздөн курулушу мүмкүн?<br>> Анын тутумундагы сөздөрдү өзгөртүп жиберсе болобу? | Фразиологизмдердин маанисин түшүнөт.<br>Чечмелей алышат. Кепте кошуп сүйлөгөндү билишет<br>Башка сөз айкаштарынан, макал- ылакаптардан айырмалай алышат.<br><br>Фразиологизмдер кепте даяр формада жана ойду так, көркөм, жеткиликтүү кылып берүү үчүн колдонорун билишет<br><br>Суроолорго жооп беришет.<br>. | НК-1<br><br>НК-2 | ПК-1<br><br>ПК-2<br><br>ПК-3 | Аракетиңер жакшы !<br> |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | > Ар бир сөз өз-өзүнчө мааниге ээби, же чогуу бир маанини береби?<br>> Фразеологизм лексикабызды байытабы? ж.б. | | | | |
| | | Булардан алынган жооп класстер түрүндө жазылат:<br> | Класстер түзүшөт. | НК-1 | ПК-1 | |
| | | 2. Андан соң окуучуларга бир нече фразеологизмге тиешелүү болгон сүрөттөр көрсөтүлөт.<br><br>Окуучулар сүрөткө карап сүйлөм түзүшөт.<br>**Мисалы:** Жапар досун капа кылап алган үчүн бармагын тиштеп калды. | Сүрөт менен сүйлөм түзүшөт. | НК-2 | ПК-2 | |
| | | 3. Сүйлөм түзүшкөндөн кийин Фразиологизимге синтаксистик талдоо жүргүзүлөт.<br>**Мисалы:** Таңдайынан чаң чыгуу- чечен деген маанини берет.<br>1. Фразеологизмдер бир нече компонентерден турат. б. а. толук маанилүү сөздөрдөн турат. | Синтаксистик талдоо жүргүзүшөт. | НК-3 | ПК-2 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1.Мында 3 компонент бар. Алардын баары биригип келип бир гана маанини билдирди.<br>2. Бул компоненттер туруктуу келет, аларды алмаштырып жиберсе болбойт. Маани бербей калат.<br>3. Фразеологизимдер туруктуу келип,кепте даяр материал катары колдонулат. Макал-ылакаптардан айырманаланып, сүйлөмдүк касиетке ээ эмес.<br><br>5. Андан соң Венндин даграммасын түздүрөм.<br><br>***Фразеоло-гизимдер Макалдар***<br> | Диаграмма түзүшөт. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Топторго тапшырма берилет:<br> > 1-топко балтанын сүрөтү көрсөтүлөт, окуучулар "мурдун балта кеспөө" фразеологизмдин маанисин айтышат.<br><br>> 2-топ "беш өрдөгүн учуруу " фразеологизмин кыймыл-аракет менен көрсөтөт, башка топтор аны табышат.<br><br>> 3-топ "көз жашын көлдөтүү" фразеологизмин аткарышат, калганы ага сүйлөм түзүшөт.<br>(Бул учурда журнал толтурулат) | <br><br> | | | |
| 4 | Эс алуу көнүгүүсү(2 мүнөт) | Кана балдар сөөмөйдү көрсөтөбүз.<br>Алардын аталышын айтабыз | Аткарышат | НК-3 | ПК-3 |  |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Бышыктоо . (5 мүнөт ) | 110-көнүгүүсү оозеки суралат. Мында окуучулар көнүгүүдөгү фразеологизмдерди таап, алардын лексикалык маанисин ажыратышат. | Ар бир топ эсте сактап калган фразеологизмдерди түстүү кагаздарга жазып доскага илишет, жана чечмелеп беришет. | | |  |
| 6 | Жыйын-тыктоо( 3 мүнөт) | Сабакты жыйынтыктоо үчүн "Мен сабактан не алдым?" суроосуна жооп алабыз. Түшүнбөгөн суроолоруна жооп беребиз. | Жоопторго жараша таратылган мыйтыкчалар чогултулат, ошого карата топтор бааланат. | | |  |
| 7 | Үйгө тапшырма (2 мүнөт) | Окуу китебинин 111-көнүгүүсү берилет. Анда окуучулар фзеологизмдерди көчүрүп жазып, жанына түшүндүрмөсүн жазып келет. 2. Фразеологизмдер боюнча алган маалыматты кайталап келишет.<br><br>3 Чакан эссе жазышат. | Тапшырма доскага жазылат, түшүндүрүлөт. | | |  |